№29 (3582)
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Шейшемби,
2024-жылдын
16-апрели

www.erkin-too.kg

# ЭЛИБИЗДИН СЫЙМЫГЫ – АЗИЯНЫН ЧЕМПИОНДОРУ!




16-бетте

ИШ ЖУМА
www.erkin-too.kg

# Жалал-Абаддагы билим уялары



Президент Садыр Жапаров Жалал-Абад облусунун Кыргызстан айылындагы №18 "Манас–1000" мектебинин жаңы имаратынын ачылыш аземине катышты.

Ошол эле маалда онлайн форматта Мамлекет башчысынын катышуусу менен Сузак районунда дагы үч мектептин ачылышы болду. Алар – 375 орундуу С.Эшматов атындагы №21 мектеби, 275 орундуу Б.Алыкулов атындагы №46 мектеби жана 225 орундуу К.Осмоналиев атындагы №109 мектеби.

Аземге катышкандар менен баарлашкан Мамлекет башчысы ири инвестициялык долбоорлор ишке ашарын билдирип: "Майлуу-Суу лампа заводу" 1 млрд сомго, "Кыргызнефтегаз" ачык акционердик коому 410 млн АКШ долларына модернизациялануууда. Бул жылы "Түндүк–Түштүк" альтернативдик автожолу да ачылат деп тилек кылып турабыз. Ошону менен бирге "Камбар-Ата-1" ГЭСинин курулушунун 2-этабын баштоо аракети да көрүлүүдө" деди.

## Ипотекалык үйлөр көбөйтүлөт

Президент Садыр Жапаров Жалал-Абад облусуна болгон иш сапарынын алкагында Мамлекеттик ипотекалык компания тарабынан жүргүзүлүп жаткан Жалал-Абад шаарындагы турак жай комплексинин курулушунун жүрүшү менен таанышты.

Курулуш иштери 1.6 гектар жерде жүргүзүлүүдө. Батирлердин саны 639, жалпы аянты 34 500 чарчы метрди түзөт. Турак жай комплексинде балдар аянтчасы жана унаа токтотуучу жайлары каралган.

Садыр Жапаров муктаждарга жеңилдетилген пайыз менен ипотекалык батирлерди берүү үчүн мындан ары социалдык турак жайлардын курулушу көбөйө турганын баса белгиледи.

## Инвестиция тартуу аракети

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Эл аралык валюта фондунун жана Дүйнөлүк банк тобунун жазгы жолугушууларына катышуу үчүн Вашингтонго (АКШ) барды.

Жумушчу сапарынын алкагында Акылбек Жапаров Дүйнөлүк банк, Эл аралык валюта фонду, USAID, Америка-Кыргыз соода палатасы, Азия инфраструктуралык инвестиция банкы, Азия Өнүктүрүү Банкы, Европа инвестициялык банкы сыяктуу эл аралык каржы институттарынын жана уюмдардын жетекчилери менен бир катар жолугушууларды өткөрөт.

## Жаңы ачылган имараттар

Президент Садыр Жапаров Жалал-Абад шаарында Р.Г.Бауэр атындагы облустук кургак учукка каршы күрөшүү борборунун жаңы имаратын ачты. Аталган борбор 1948-жылы чопо жана жыгач сыяктуу материалдардан курулуп, моралдык жактан эскирген эле. Жаңы үч кабаттуу имарат 96 орунга ылайыкталган.

Ошондой эле Жалал-Абад шаарында жаңы IT-борборду ачты. Борбор мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн негизинде түзүлгөн жана өлкөнүн IT-тармагын өнүктүрүүдө, аны жаңы деңгээлге көтөрүүдө маанилүү кадам болуп саналат.

Мындан сырткары Президент Жалал-Абад шаарындагы облустук клиникалык оорукананын жаңы курулган имаратын ачты. Аталган медициналык мекеменин үч кабаттуу имараты 100 орунга эсептелген. Жаңы имаратта терапия, неврология жана "жасалма" бөйрөк бөлүмдөрү жайгашкан.



## Күн электр станциясынын келечеги кең



Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Ысык-Көл облусуна болгон иш сапарынын алкагында Балыкчы шаарынын Кара-Талаа аймагында 400 МВт кубаттуулуктагы күн электр станциясынын курулушуна капсула салды.

Күн электр станциясын курууга кытайлык компания тарабынан (Fortis Kg, Molin Energy) 400 млн доллар инвестиция салынаары пландалууда. Белгилей кетсек, акыркы 2 жылда Кыргызстандын энергетика тармагында ири долбоорлор ишке ашырылууда, алсак Камбар-Ата-1 ГЭСи, Куланак ГЭСи, Бала-Саруу ГЭСи жана жүздөгөн чакан ГЭСтердин курулушу жүрүп жатат.

## Кыргыз-тажик чек арасы такталууда

Топографиялык жумушчу топтор кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасынын тактала элек аймактары боюнча биргелешип изилдөө иштерин жүргүздү.

Жетишилген макулдашууга ылайык, Кыргыз Республикасынын жана Тажикстан Республикасынын кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасын делимитациялоо жана демаркациялоо боюнча Өкмөттүк делегацияларынын укуктук маселелер боюнча жумушчу топторунун жана топографиялык жумушчу топторунун кезектеги жыйыны болуп өттү. Тараптар Кыргыз Республикасынын аймагында өтө турган кийинки жолугушууда калган аймактарды тактоо боюнча ишти улантат.

## Чөлкөмдөгү мааниси бийик жыйын

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары Адылбек Касымалиев Евразия экономикалык комиссиясынын Кеңешинин жыйынына катышты. Күн тартибинде 32 маселе каралып, анын жыйынтыгында бир катар чечимдер кабыл алынды. Жыйындын алкагында 2024-жылдын май айында Москва шаарында өтө турган Жогорку Евразиялык экономикалык кеңештин жыйынынын күн тартибинин долбоору бекитилди.

## Сапаттуу жолдор өнүккөнгө өбөлгө түзөт

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Ысык-Көл облусуна болгон жумушчу сапарынын алкагында Ысык-Көл айланма жолунун Корумду-Балбай Баатыр тилкесин реконструкциялоонун башталышы менен таанышты.



Жол куруу долбоору өлкөбүздөгү стратегиялык долбоорлордун бири экенин белгилеген Төрага курулуш иштерин бекитилген графиктен кечикпей, өз убагында жана сапаттуу бүткөрүүнү тапшырды.

Мындан тышкары, Министрлер Кабинетинин Төрагасы Балыкчы–Барскоон–Каракол унаа жолунун тилкесиндеги курулуш иштеринин жүрүшү менен таанышып чыгып, тийиштүү тапшырмаларды берди.

## Жер, Суу жана Эмгек кодекстери өзгөртүлөт

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаровдун жетекчилиги алдында Министрлер Кабинетинин кезектеги жыйыны өтүп, анда Кыргыз Республикасынын Жер, Суу жана Эмгек кодекстерине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу чечимдер кабыл алынды.

Жер кодексинин жаңы концепциясынын долбоору жер ресурстарын эффективдүү башкарууга гана шарт түзсө, суу кодекси жер үстүндөгү жана жер астындагы суу ресурстарын пайдалануу жана коргоо жаатындагы укуктук мамилелерди жөнгө салуучу бардык мыйзамдарды бириктирүүгө мүмкүндүк берет. Ал эми Эмгек кодекси жумушчулар менен иш берүүчүлөрдүн тең салмактуулугуна жетишүү үчүн иштелип чыккан.

**Зулпукаар САПАНОВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ИЙГИЛИКТИН БИР КАДАМЫ
www.erkin-too.kg

# ЭКОНОМИКАНЫН ЫКЧАМ ӨСҮШҮ – МАМЛЕКЕТТИН ЫЛДАМ ӨНҮГҮҮСҮН КАМСЫЗДАЙТ

Президент Садыр Жапаров “Кабар” агенттигине маек берип, экономиканын өсүшү, Улуттук банктагы алтын запасы, ЖЭБди модернизациялоо, “Камбар-Ата 1дин” курулушу сындуу калктын назарындагы орчундуу суроолорго жооп берди. Учурда Мамлекет башчысынын маеги боюнча кеңири талкуу жүрүп жаткан чагы. Маселен, ушул жылдын 1-кварталында Кыргызстандын экономикасынын өсүшү болуп көрбөгөндөй секирик жасап, 8,8%ды түздү. Бул акыркы жылдардагы эң ири көрсөткүч экенин белгилеп коюшубуз шарт. Былтыркы жылды эле карасак, 1-кварталынын көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу өсүү темпи 3 эсеге жогорулаган. Албетте, бул жөн эле айтылган сандар эмес, бүгүнкү бийликтин, тагыраагы Президенттин командасынын акыркы үч жылдагы күжүрмөн эмгегинин натыйжасы десек жаңылышпайбыз.



Экономикада мындай өсүштү камсыздоого кайсыл тармактар салым кошконун Мамлекет башчысы бирден тизмектеп, "Кумтөр", "Альянс алтын" (Жерүй), "Алтын кен", "Нур телеком", "Скай Мобайл" (Bitel), "Альфа Телеком" (MegaCom), "Ред Петролеум" (Альфа Ойл), "Партнер нефть", "Газпромнефть", "Топ ночь", "Айыл Банк", "Оптима" сыяктуу компаниялар алдыңкы орунду ээлегенин айтты.

Президенттин сөзүн өлкөдөгү өсүштөр тастыктап берүүдө. Бир эле тармагын айта кетсек, 2021-жылдан бери карай курулуштун көлөмү жогорку деңгээлге жетти. Айрыкча социалдык объектилерди куруу багытында эбегейсиз чоң жумуштар аткарылууда. Акыркы 3 жылдын ичинде 315 мектеп, 69 бала бакча, 28 саламаттык сактоо объектилери курулду. 2023-жылдын аягына чейин билим берүү тармагынын 140 объектисинин курулушу аяктаса, Баткен облусунда 417 турак жай жана 23 социалдык объект пайдаланууга берилди. Мына быйыл Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгынын алкагында өлкөдө 100 өнөр жай жана 100 социалдык объект ачылганы турат.

Президент өз сөзүндө экономиканын өсүшүнө, инфляциянын ылдый кармалып турушуна Улуттук банктын салымы чоң экенин белгилеп, жалпы эл аралык резерв бүгүнкү күнгө 3 миллиард 491 миллион долларга жеткенин билдирди. Асыресе, эгемендикке жеткенден бери карай 30 жылдын аралыгын сыдырсак, 2020-жылга чейин эл аралык резервибиз болгону 2 миллиард 424 миллион доллар болгон экен. Улуттук банк жигердүү иши менен 3 жылдын ичинде 1 миллиард 67 миллион долларды үстүнө кошуп отурат. Бул эбегейсиз чоң сумма. Эмне үчүн буга чейин мындай иштер аткарылган эмес деген суроо азырынча жоопсуз бойдон турат, бирок убагы келгенде айтылар.

Мамлекет башчысы алтындын запасы боюнча да айтып, 2020-жылга чейинки 30 жылдын аралыгында болгону 16 тонна алтын чогулган болсо, так ушул күндө Улуттук банкта 51 тонна алтын бар экенин билдирди. Мындайча айтканда, кыска аралыктагы 3 жылдын ичинде 35 тонна алтын кошулган. Айырмасы көзгө даана тартылып турат, 30 жылда 16 тонна жыйналса, 3 жылда 35 тонна топтолгон. Бул дагы өтө чоң көрсөткүч. 30 жылдын ичинде кыргыздын алтыны уурдалып келгенин баарыбыз билчүбүз, бирок элдин үнүн жетекчилер уккан эмес. Мамлекеттин байлыгын көз көрүнөө тоногондугунун далили жогорудагыдай сандар менен тастыкталууда. Элдин алтынын кемирип кеткендер иликтенип, жазага тартылышы керек.

Мындан сырткары, Улуттук банк инфляциянын деңгээлин бүгүнкү күнү 5,2 пайызга чейин түшүргөнү Президент тарабынан айтылды. Чындап эле салыштырып карасак, башка өлкөлөргө караганда бүгүн бизде инфляция ылдый болуп турат. Бул Улуттук банктын туура саясат жүргүзгөндүгүнүн жыйынтыгы десек жаңылышпайбыз. Жигердүү чаралардын аркасында инфляциянын жылдык деңгээли 2022-жылдын декабрындагы 14,7%дан 2023-жылдын декабрында 7,3%га чейин төмөндөтүлгөн. 2024-жылдын 23-февралына карата ал 5,2% түздү. Албетте, инфляциянын калыптанышына тышкы факторлор таасирин тийгизүүдө. Бул негизинен тышкы чөйрөдө геосаясий тирештерге шартталууда. Азык-түлүк товарларына бааанын өсүшү улам жайлап баратканын көрүп турабыз. Мисалы, 2023-жылдын акырына карата азык-түлүк эмес товарларга баанын өсүшү 3,4%га төмөндөсө, 2022-жылдын акырына карата 15,8%ды түзгөн.

Садыр Жапаров карыздарды төлөө боюнча дагы жооп берип, “Сырткы карыздарыбыз боюнча жөнөкөй тил менен түшүндүрүп берейинчи. Ушуну менен сырткы карыз деген теманы унуткулачы. Мындан кийин сырткы карыз боюнча жооп да бербейбиз. Албетте, түшүнүп туруп эле түшүнгүсү келбеген жарандарыбыз сырткы карызыбыз көбөйүп кетти деп манипуляция кыла бериши мүмкүн. Биз аларга мындан ары көңүл бурбайбыз! 2020-жылга чейин 5 миллиард доллардын тегерегинде сырткы карызыбыз бар эле. Бул сумма 30 жылдан бери чогулган сырткы карыздар болчу. Бул суммага акыркы убактагы Датка-Кемин, Түндүк-Түштүк авто жолу жана ЖЭБди модернизациялоодон башка көрүнүктүү иштер жасалган эмес” деди.

Чындыгында эле аталган 3 долбоор 40 жылда өзүн-өзү актабаган, пайда алып келбеген долбоорлор болуп калганын билебиз. Ооба, учурунда бул үч долбоор тең бизге керек болгон. Үчөөсү тең Кыргызстанга аба менен суудай зарыл эле. Бирок, аны олчойгон кредиттер менен эмес, чакан сумма менен бүтүрсө болмок. Ошондой эле алынган кредиттерге тыкыр көзөмөл салып, жемкорлорго уурдатпоо зарыл болчу. Баарына маалым болду, ал иштер 2-3 эсе кымбат жасалган. Баалары азыр салыштырганда мурункулардын кыянатчылыгынын бети сыйрылууда. Президенттин да каңырыгы түтөп: “Ушундай эле курулуштар, ушундай эле иштер керек болсо, Европа өлкөлөрүндө биздикинен 2-3 эсе арзан жасалган болуп чыкты. Мисалы, ЖЭБдин курулушуна канча каражат кетерин, ушул тармакта адистикке окуп жаткан бешинчи курстун студенти деле эсептеп берип коймок” деди. Мамлекет башчысынын сөзүндө калет жок, ЖЭБди модернизация кылгандар бир кычкачты 600 долларга алганын баарыбыз билебиз.

Ошол эле Түндүк-Түштүк жолу, Датка-Кемин деле ушундай кымбат курулган. Маселен, Түндүк-Түштүк жолунун капталынан жарым метр кыскартып кымырганы, ал эми Датка-Кеминдин бир чакырымы миллион долларга курулганы айтылып келет. Албетте, буга кредит берген тараптар же өлкөлөр күнөөлүү эмес, өзүбүздүн элди ойлобогон бийлик менен жемкор чиновниктер айыптуу. Миллиондогон акчаларды уурдап, жеке өздөрүнүн кызыкчылыгын чечишкен. Мына ушундайдын айынан миллиарддаган карызга баттык. Учурунда карыз эң башкы көйгөйгө айланып, элден акча чогултуу демилгелери көтөрүлгөн. Ал демилге ишке ашпай калганда карызды жабуу үчүн кен байлыктарды берүү боюнча ойлор ортого салынып, элдин кулагы бышырыла баштаган эле. 2020-жылы бийлик алмашкандан кийин ал коркунуч жоголду. Карыз төлөөнүн туу чокусуна чыкканыбызга карабай былтыр эч кыйынчылыксыз 344 млн доллар төлөгөнбүз, быйыл 400 млн доллар төлөйбүз. Кыскасы, ушул мезгилге чейин чогулган 5 миллиард доллар сырткы карыздарыбызды бүгүнтөн баштап 2035-жылга чейин төлөп бүтөбүз.

Өлкөдө тынчтык жана стабилдүүлүк болуп турса эле эч кыйналбай төлөп коёрубузду билдирген Президент: “Буга чейинки карыздарды элдин эсебинен, жалпы Республикалык бюджеттен төлөйбүз. Себеби буга чейинки долбоорлордун бир да бири өзүн-өзү актаган жок. Алынган акчанын баары кумга сиңген суудай болуп, жок болуп кеткен. Ал эми азыр алып жаткан карыздардын ар бир долларын конкретүү долбоорлорго жумшайбыз. Өзүн-өзү актай турган долбоорлорго алып жатабыз. Бир эле мисал келтирейин: “Камбар-Ата 1” ГЭСинин курулушуна 5-6 миллиард доллардын тегерегинде акча каражаты жумшалат. Бул долбоор бүтүп ишке киришкен күндөн баштап 13-15 жылда өзүн-өзү толук актайт. Бул долбоорго кеткен карызды кайтаруу убагы келгенде Республикалык бюджет, эл төлөбөйт. Карызды кайтаруу мөөнөтү келгенче эле “Камбар-Ата 1” ГЭСи өзүн-өзү актап бүтөт” деди.

Бул жерде "кантип?" деген суроо туулушу мүмкүн. Белгилей кетсек, Дүйнөлүк банк 500 миллион долларды пайызы жок, 10 жылдык льготалык мөөнөт менен 50 жылга берип жатыптыр. Мындай шарт менен кредит алуу Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу болгонун да айтып койгонубуз оң. Бул факт дагы азыркы учурда жүргүзүлүп жаткан саясаттын туура багытта баратканын далилдейт. Мурункулар дагы ушундай негизде кредиттерди алганда, бүгүн бизге кыйынчылык жаралмак эмес. Карызы төлөй турган 400 миллион долларга далай социалдык обьектилерди (бейтапканаларды, мектептерди, бала бакчаларды) куруп, жүздөгөн чакырым жолдорду салмакпыз.

Көңүл сүйүнткөнү, “Камбар-Ата 1” ГЭСин куруу мөөнөтү 8-10 жыл экен. Курулуп бүтүп, иштеп баштары менен пайда бере баштайт. Тактап айтканда, дароо киреше берет. Курулушка кеткен 5-6 миллиард доллар акчаны 13-15 жылда толук актап бүтөт. Ошондо “Камбар-Ата 1ге” кеткен чыгымды куруу мөөнөтү менен кошуп эсептегенде эң узак дегенде 25 жылда толук актайт. Ошондуктан, Президент айткандай мындан ары сырткы карызыбыз 10-15 миллиард долларга чыкса дагы эч кам санабасак болот. Эң негизгиси, буга чейинки карыздарыбызды 2035-жылга чейин толук төлөп бүтөбүз. Андан ары канча суммада карыз болсок дагы ал карыздарды ар бир долбоор өзүн актап, өзү төлөп кете берет. Республикалык казынага, элдин чөнтөгүнө күч келтирбейт.

Садыр Жапаров маегинин аягында: “7-8 жылда өзүн-өзү актачу кичи жана орто ГЭСтердин долбоорлоруна инвестиция тартышыбыз керек. Биз азыр Дүйнөлүк климаттык фондго кайрылып жатабыз. Эгер алар жардам бере турган болсо, биз толук жашыл энергетикага өтүп кетебиз. Башка тармактарда дагы көптөгөн долбоорлорубуз бар” деди. Бул бүгүнкү күндүн чындыгы. Эми көзүбүзгө көрүнүп турган демилгелерди жапатырмак колдоого милдеттүүбүз.

**Зулпукаар САПАНОВ**

## 2023-ЖЫЛДЫН 20-НОЯБРЫНДА ТОКИО ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН ЯПОНИЯ ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ “ИРРИГАЦИЯЛЫК КАНАЛДАРДЫ КҮТҮҮ ҮЧҮН ТЕХНИКА МЕНЕН ЖАБДУУНУ ЖАКШЫРТУУ” ДОЛБООРУ БОЮНЧА АЛМАШУУ НОТАЛАРЫН ЖАНА 2023-ЖЫЛДЫН 11-ДЕКАБРЫНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН ЯПОНИЯ ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК АГЕНТТИГИНИН (JICA) ОРТОСУНДАГЫ “ИРРИГАЦИЯЛЫК КАНАЛДАРДЫ КҮТҮҮ ҮЧҮН ТЕХНИКА МЕНЕН ЖАБДУУНУ ЖАКШЫРТУУ” ДОЛБООРУ БОЮНЧА ГРАНТТЫК МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2024-жылдын 13-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

2023-жылдын 20-ноябрында Токио шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Япония Өкмөтүнүн ортосундагы “Ирригациялык каналдарды күтүү үчүн техника менен жабдууну жакшыртуу” долбоору боюнча алмашуу ноталары жана 2023-жылдын 11-декабрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Япония эл аралык кызматташтык агенттигинин (JICA) ортосундагы “Ирригациялык каналдарды күтүү үчүн техника менен жабдууну жакшыртуу” долбоору боюнча гранттык макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда көрсөтүлгөн Алмашуу ноталарынын жана Гранттык макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө дипломатиялык каналдар аркылуу япон тарапка кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 11-апрели, №76***

### ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ ОБМЕННЫХ НОТ МЕЖДУ КАБИНЕТОМ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ПРАВИТЕЛЬСТВОМ ЯПОНИИ ПО ПРОЕКТУ «УЛУЧШЕНИЕ ОСНАЩЕНИЯ ТЕХНИКОЙ ДЛЯ СОДЕРЖАНИЯ ИРРИГАЦИОННЫХ КАНАЛОВ», ПОДПИСАННЫХ 20 НОЯБРЯ 2023 ГОДА В ГОРОДЕ ТОКИО, И ГРАНТОВОГО СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КАБИНЕТОМ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ЯПОНСКИМ АГЕНТСТВОМ МЕЖДУНАРОДНОГО СОТРУДНИЧЕСТВА (JICA) ПО ПРОЕКТУ «УЛУЧШЕНИЕ ОСНАЩЕНИЯ ТЕХНИКОЙ ДЛЯ СОДЕРЖАНИЯ ИРРИГАЦИОННЫХ КАНАЛОВ», ПОДПИСАННОГО 11 ДЕКАБРЯ 2023 ГОДА В ГОРОДЕ БИШКЕК

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 13 марта 2024 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Обменные ноты между Кабинетом Министров Кыргызской Республики и Правительством Японии по проекту «Улучшение оснащения техникой для содержания ирригационных каналов», подписанные 20 ноября 2023 года в городе Токио, и Грантовое соглашение между Кабинетом Министров Кыргызской Республики и Японским агентством международного сотрудничества (JICA) по проекту «Улучшение оснащения техникой для содержания ирригационных каналов», подписанное 11 декабря 2023 года в городе Бишкек.

**Статья 2**

Министерству иностранных дел Кыргызской Республики уведомить по дипломатическим каналам японскую сторону о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанных Обменных нот и Грантового соглашения.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 11 апреля 2024 года, №76***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ СТРАТЕГИЯЛЫК ДЕМИЛГЕЛЕР УЛУТТУК ИНСТИТУТУ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы - Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчисинин ишин натыйжалуу эксперттик-талдоочулук колдоону камсыздоонун деңгээлин жогорулатуу жана өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык изилдөөлөр улуттук институту жана Кыргыз Республикасынын Экономикалык саясатты изилдөөлөр институту бириктирүү жолу менен кайра уюштурулсун жана алардын базасында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык демилгелер улуттук институту (мындан ары - Улуттук институт) түзүлсүн.

**2.** Төмөнкүлөр бекитилсин:
1) Улуттук институттун уставы 1-тиркемеге ылайык;
2) Улуттук институттун штаттык санынын чеги 2-тиркемеге ылайык;
3) Улуттук институттун директорунун, анын орун басарларынын жана негизги персоналынын кызматтык маяналарын эсептөө үчүн негиз болуп саналган 7 040 сом өлчөмүндөгү минималдуу базалык ставка.

**3.** Улуттук институттун негизги персоналына эмгек өргүүгө чыгууда ден соолукту чыңдоого эки айлык эмгек акы фондунун өлчөмүндөгү жөлөкпулду төлөө белгиленсин.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:
1) төмөнкүлөрдү бекитсин:
- кайра уюшулган юридикалык жактардын өткөрүп берүү актысы;
- Улуттук институттун директорунун, анын орун басарларынын жана кызматкерлеринин кызматтык маяналарынын өлчөмдөрүн аныктоодо колдонулуучу кызматтык маяналарга эсептөө коэффициенттери;
2) “Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун даярдоодо тиешелүү өзгөртүүлөрдү белгиленген тартипте карасын;
3) үч айдын ичинде өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин.

**5.** Улуттук институт юридикалык жактарды каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) боюнча бардык зарыл жол-жоболорду белгиленген тартипте жүргүзсүн.

**6.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы Бишкек шаары, Абдумомунов көчөсү, 220 дарегинде жайгашкан администрациялык имаратты Улуттук институтунун ыкчам башкаруусуна белгиленген тартипте өткөрүп берсин.

**7.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгынын кырдаалдык борбору жашыруун мүнөзгө ээ болгон маалыматтарды кошпогондо, Улуттук институттун директорунун жазуу жүзүндөгү кайрылуусу боюнча маалыматтарды берип турсун.

**8.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп табылсын:
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 12-августундагы №282 “Кыргыз Республикасынын Стратегиялык изилдөөлөр улуттук институтунун маселелери жөнүндө” Жарлыгы;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №330 “Кыргыз Республикасынын Экономикалык саясатты изилдөөлөр институтунун маселелери жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 13-декабрындагы №675 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таануу жөнүндө” токтомунун 341-пункту.

**9.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**10.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 12-апрели, ПЖ №94***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2013-ЖЫЛДЫН 3-МАЙЫНДАГЫ №235 “БИЙИК ТООЛУУ ШАРТТАРДА ЖАЙГАШКАН, АЛ ЖЕРЛЕРДЕ ИШТӨӨ ЖЕҢИЛДЕТИЛГЕН ПЕНСИЯЛЫК КАМСЫЗДООГО УКУК БЕРҮҮЧҮ КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫН ТИЗМЕГИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Бийик тоолуу шарттарда жайгашкан, ал жерлерде иштөө жеңилдетилген пенсиялык камсыздоого укук берүүчү калктуу конуштардын тизмегин актуалдаштыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 3-майындагы №235 “Бийик тоолуу шарттарда жайгашкан, ал жерлерде иштөө жеңилдетилген пенсиялык камсыздоого укук берүүчү калктуу конуштардын тизмегин бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Бийик тоолуу шарттарда жайгашкан, ал жерлерде иштөө жеңилдетилген пенсиялык камсыздоого укук берүүчү калктуу конуштардын тизмегинде:

- “Кочкор району” бөлүмчөсүнүн 11-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“11. Төлөк”.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

**Бишкек ш., 2024-жылдын 12-апрели, №163**

## 2024-ЖЫЛДЫН 9-ФЕВРАЛЫНДА АНКАРА ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН 1992-ЖЫЛДЫН 28-АПРЕЛИНДЕ БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ МЕНЕН ТҮРК РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК АВТОМОБИЛЬ КАТНАШЫ ЖӨНҮНДӨГҮ КЕЛИШИМГЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ ЖАНА ТОЛУКТООЛОРДУ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ ПРОТОКОЛДУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максатында, «Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2024-жылдын 9-февралында Анкара шаарында кол коюлган 1992-жылдын 28-апрелинде Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Түрк Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Эл аралык автомобиль жөнүндөгү келишимге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө тиркелген Протокол бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги түрк тарапка аталган Протоколдун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө кабарласын.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 12-апрели, №164***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СТРАТЕГИЯЛЫК ДОКУМЕНТТЕРИ БОЮНЧА КООРДИНАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасында тиешелүү деңгээлдеги стратегиялык документтер үчүн чечимдерди кабыл алуу боюнча мамлекеттик стратегиялык башкаруунун катышуучуларынын ишин координациялоону жүзөгө ашыруу максатында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 10-октябрындагы №349 “Кыргыз Республикасында мамлекеттик стратегиялык башкаруу тартиби жөнүндө” Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасында мамлекеттик стратегиялык башкаруу тартибин ишке ашыруунун алкагында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын стратегиялык документтери боюнча координациялык кеңеш ушул токтомдун 1-тиркемесине ылайык курамда түзүлсүн.

**2.** Кыргыз Республикасынын стратегиялык документтери боюнча координациялык кеңеш жөнүндө жобо ушул токтомдун 2-тиркемесине ылайык бекитилсин.

**3.** Жогоруда көрсөтүлгөн Координациялык кеңештин ишин уюштуруучулук жана башка жактан камсыз кылуу Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети жумуш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 12-апрели, №165***

№29 (3582)
2024-жылдын 16-апрели



ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

КЫРСЫК КАШ-КАБАКТЫН ОРТОСУНДА
www.erkin-too.kg



### КР ӨКМне караштуу сууучулдар кызматынын башчысы, майор Сабыржан АЛАМАНОВ:

# “ӨЛКӨ ЖЕТЕКЧИСИНИН КОЛДООСУ МЕНЕН МАТЕРИАЛДЫК АБАЛЫБЫЗ ОҢОЛДУ”

***Узаган кышта өлкө аймагы боюнча көлмөлөргө чөгүп кетүү көрүнүштөрү күч алып, жыйынтыгы жаш балдардын өлүмү менен коштолгон кайгылуу окуялар биринен сала бири катталды. Кыш-күрөөдөгү мындай жагымсыз окуяларды канткенде алдын-алабыз? Алдыдагы жай мезгилинде Ысык-Көлдө жогорудагы көрүнүштүн кайталанбашына кандай аракеттер көрүлөт? Түйүндүү суроолорубузга кадрдык офицер өзү жооп узатты.***

**- Сабыржан Нурланович, өткөн жылы Президент Садыр Жапаров Ысык-Көлдү тазалоо иштерин өз көзү менен көрүп, сиздердин алдыңыздарга бир катар тапшырмаларды койгон. Учурда Өлкө башчынын тапшырмасынын өтөөсүнө чыга алдыңыздарбы?**

- Ооба, Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу сууучулдар кызматы 2023-жылдын 12-мартынан тартып Президент С.Жапаровдун 2022-жылдын 26-апрелиндеги №131 “Ысык-Көлдүн экологиясын сактоо боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө” жарлыгын жана КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №83 тескемесин ишке ашыруу максатында көлүбүздүн акваториясын тазалоону баштап, азыркы убакытка чейин 22 546 килограммдан ашык ар кандай тиричилик таштандылары жана 235 100 метр мыйзамсыз салынган синтетикалык балык уулоочу торлор чыгарылды. Учурда Президент С.Жапаровдун тапшырмасын аткарууга тиешелүү деңгээлде иш алып барудабыз.

**- Алдыда Ысык-Көлгө эс алуу мезгили келе жатат. Көлдү тазалоо иштери быйыл да былтыркыдай нукта уланабы? Дегеле берметтей көлүбүздү толук тазалап жетишүү мүмкүн бекен?**

- Ушул күндөрү Ысык-Көлдү тазалоо иштери толугу менен жүргүзүлүүдө. Берметтей көлүбүздү толук тазалап бүттүк дегенден алысмын. Анткени, жыл сайын биздин сууучулдар борборунун кызматкерлери тарабынан тазалап кеткен көлдүн тилкелеринде кайрадан эле булганыч көрүнүштөр пайда болуп жатат. Жай мезгилинде эс алып келген эс алуучуларыбыз айлана-чөйрөгө маани бербей, ар кандай таштандыларын жыйнап кетпей, жергиликтүү тургундар тарабынан балык уулоо иштери токтотулбаган сыяктуу терс көрүнүштөр болуп жатат. Албетте, көлүбүздүн бардык булуң-бурчтары кир эмес, тескерисинче абдан кооз, адам баласынын буту тие элек жерлерибиз көп. Жаратқандын берген ушундай белегине чынында бир эседен суктанып, сүйүнөсүң. Ар бир жаран, айрыкча, сырттан келген конокторбиздин жаратылыштын табиятына аяр мамиле кылып, Ысык-Көлүбүздүн кооздугун, тазалыгын сактап калуу максатында өз салымдарын кошуп кетсе дээр элем.

**- Адатта, жай мезгилинде эс алуучулар Ысык-Көлгө чөгүп кеткен жагымсыз окуялар көп катталып келсе, учурда кышкысын да кайдыгерликтин айынан көлмөлөргө чөгүп кеткен кайгылуу көрүнүштөр жүз берүүдө. Жетекчи катары сизди мындай көрүнүш абдан кабатырлантса керек?**

- Абдан туура маселени козгодуңуз. Биздин өлкөбүз тоолуу жана сууга бай болгондуктан жыл сайын эс алуунун түрлөрү да көбөйдү. Ошол себептен, жайкы жана кышкы учурларда сууга ар кандай себеп менен чөгүп кеткен окуялар катталууда. Сууда өзүн алып жүрүү эрежелерин түшүндүрүү иштери, коопсуздук ишчаралары Өзгөчө кырдаалдар министрлиги тарабынан ар убак жүргүзүлүп келет. Мындан тышкары тиешелүү мыйзамдардын негизинде министрликтин аймактык башкармалары, жергиликтүү бийлик жана суу объектилеринин ээлери тарабынан да түшүндүрүү иштери дайыма жүргүзүлөт. “Суудагы коопсуздук” деген тема боюнча семинарлар өткөрүлүп, жергиликтүү калк арасында түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, түшүүгө болбогон жерлерге “Сууга түшүүгө тыюу салынат”, “Кооптуу жер”, “Абайлагыла” деген атайын белгилерди орнотуу иштери жүргүзүлөт. Суу объектилерине “Сууда куткаруучу” адистерди даярдоо жумуштары аткарылат. Эс алуучулар да барган жерлердеги эрежелерге баш ийип, көрсөтүлгөн түшүндүрмөлөр менен жүрүшсө мындай кырсыктар азаят эле.

**- Коргонуу, коопсуздук чараларын көрүүдө атайын заманбап техникалардын болушу, ишке оң кедергисин тийгизери талашсыз. Өздүк курам заманбап жабдуулар менен камсыздалганбы?**

- Учурда Президент С.Жапаров, Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.Жапаров жана Өзгөчө кырдаалдар министри Э.Ажикеевдин аракеттери менен ӨКМдин материалдык базасы абдан жакшырды. Айрыкча, сууучулдар кызматынын материалдык базасы жакшы жаңыланды. Учурда сууучулдар суу астында жүрүп жээктеги, кургакта турган жетекчи же башкалар менен акустикалык байланыштын жардамы аркылуу сүйлөшө алышат. 200 метр тереңдикке чейин суу астындагы дрон менен сууучулду сууга киргизбестен толук кандуу суу астында мониторинг жүргүзүшөт. Суу астында оңдоп-түзөө иштерин жүргүзүүдө ширетүү иштерин жүргүзүшүп, техникалык иштерди жүргүзүүгө тиешелүү кургак кирби, морган костюм жана атайын костюмдар менен камсыздандырылган. Сууучулдарда суу үстүндө ыкчам кыймылдарды күчөтүү үчүн тиешелүү чоң, орто, кичине кемелер, тез жүрүүчү катерлер жана скутерлер бар. Албетте, мындай көрсөткүчтүн өзү мактаныч эмес. Кудайым бөөдө кырсыктан элибизди сактасын! Жогоруда айтып кеткен заманбап шаймандарыбыз сууучулдарга машыгууга эле колдонулушун тилейбиз.

**- Ысык-Көлдү тазалоодо, сууга чөккөн эс алуучуларды куткарууда ишиңерге тоскоолдук жаратккан көрүнүштөр жокпу? Жеке менчик пансионаттардын аймагында кырсыкка кабылган эс алуучуларга кандай жардамдар көрсөтүлөт?**

- Ысык-Көлдү тазалоо учурундагы тоскоолдуктарды жогоруда айтып кеттим. Ар кандай таштандыларга көлдүн жээктерин толтурбастан, балык уулоочу синтетикалык торлордун чек арадан кирүүсүнө көзөмөлдү күчөтүп токтотулса, тазалоо иштери жеңилдемек. Сууучулдар үчүн суу астындагы таштандыларды жана торлорду чогултуш кандай оор экенин көпчүлүк биле бербейт. Анткени, тазалоо иштери жайкыш, күн-түн дебей аткарылат. Жумуштун оордугуна карабай, биздин кызматкерлер жумушун абдан чоң мекенчилдик сезим менен алып барышканын көрүп, сүйүнөм. Эң башкысы, Ысык-Көлдү тазалоо иштерин Өлкө башчыбыз Өзгөчө кырдаалдар министрлигине, министрликтин ичинен бизге ишеним көрсөтүлгөндүгү биз үчүн чоң сыймык. Анткени, Ысык-Көл кыргыз элинин жана мамлекетинин бермети. Тарыхта биринчи жолу Ысык-Көлдү тазалоо иштери жүргүзүлүп жатат. Ошол жүргүзүлгөн иш-чарага мен жана менин кесиптештерим катышып жатканыбыз абдан сыймыктандырат. Ал эми сууда куткаруу иштерин жүргүзгөндө эң оор учур бул жакын туугандарынын тоскоолдугу. Албетте, жакын туугандарын деле түшүнөбүз. Бирок, алар “жардам беребиз” деп сууучулдардын ишин түшүнүшпөй, ар кандай тоскоолдуктарды жаратышат. Андай учурда ошол эле адамдардын коопсуздугун да карайбыз. Аларга кеткен убакыт өзүбүзгө каршы ойнойт, себеби, сууучулдар чарчайт, убакыт өтөт. Эс алуучу жерлердеги кырсыкка кабылган адамдардын бардыгына эле бирдей жардам көрсөтүлөт. Биздин максат – адам баласынын өлүмүнө жол бербөө. Алдыдагы жай мезгилинин келиши менен суу боюнда эс алуучулар көбөйө баштайт. Ошондуктан, бардык эс алуучуларды коопсуздук эрежелерин сактап, өспүрүм балдарды кароосуз калтырбастан, ичимдик ичкен абалда сууга түшүү, агын суулардын бойлорунан сүрөт же видеолорго түшөбүз деген аракеттерден абайлашын эскертип кетем. Суу ээлери сууга түшкөнгө болот же болбойт деген нускамаларды орнотуп, эл ичинде түшүндүрүү иштерин күчөтүп, Ысык-Көлдүн боюнда жайгашкан эс алуу үйлөрү тиешелүү жээктерге жана суу астыларына мониторинг жүргүзүп, сууучул-куткаруучуларды коюшсун дээр элем.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**




## БАРАК ЭКСКЛАВЫНАН КӨЧҮП ЧЫККАНДАРГА ҮЙЛӨР КУРУЛАТ

Кыргызстандын Өзбекстандагы Барак эксклавынан көчүп чыккан кыргыздарга мамлекет турак жай тургузуп берерин Президенттин Ош облусундагы өкүлү Элчибек Жантаев маалымат каражаттарына билдирди. Жаңы айыл Өзбекстан менен Барак айылына айырбашталган Кара-Суу районунун Ак-Таш айыл өкмөтүнө караштуу 208 гектар жерге салынат. Мындан сырткары, көчүп чыккан жарандарыбыздын үлүш жерлери да толук кандуу берилет. Учурда Мамлекет башчысы каражат маселесин чечип, 270 млн сом бөлдүрүп берген. Бараактыктарга курулуучу турак жайлар 31-августка чейин бүткөрүлөт.




## БИШКЕКТЕН СОЧИГЕ

“Манас” эл аралык аэропортунан билдиришкендей, Россиядан «Урал Аба жолдору» авиакомпаниясы ушул жылдын 25-майынан тарта Сочи – Бишкек – Сочи багыты боюнча үзгүлтүксүз каттамдар жүрө баштайт. Сочи шаарына каттамдар жумасына бир жолу – ишемби күндөрү аткарылмакчы. Аэропорт бул багытка байланыштуу бардык суроолор менен аталган авиакомпанияга түз кайрылууну сунуштоодо.



## НАРЫНДА ИПОТЕКАЛЫК ҮЙДҮН КУРУЛУШУ БАШТАЛДЫ

Нарын шаарында төрт блоктон турган, 216 батирлүү 9 кабат ипотекалык турак үй курулуп баштады. Ушу тапта суу, электр энергиясы тартылып, учурда курулуштун пайдубалын даярдоо жумуштары жүрүп жатканын белгилүү болду. Ипотекалык турак үйдүн жалпы сметалык баасы 747 млн сомду түзөт. Каражат “Теңир-Тоо” өнүктүрүү фондунан каржыланат. “Теңир-Тоо” өнүктүрүү фондунун, Нарын шаардык мэриясынын жана Мамлекеттик ипотекалык компаниясынын ортосунда үч тараптуу финансылык келишим түзүлгөн. “Теңир-Тоо” өнүктүрүү фондунун Байкоочу кеңешинин отурумунда долбоор колдоо таап, алгачкы 10 пайыз акчасы Мамлекеттик ипотекалык компанияга которулуп берилген.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

ЖУРНАЛИСТИКАДАН БАШТАЛГАН ЖОЛ
www.erkin-too.kg

Кыргыз эл акыны, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмер Акбар Рыскулов өмүр бою адабият менен журналистиканын эки тизгин бир чылбырын тең кармап келе жаткан калемгер. Ал ириде атпай журтка таланттуу акын, жазуучу катары жакшы белгилүү. Бирок, биз бүгүн Акбар Рыскуловдун кыргыз журналистикасындагы ишмердүүлүгү тууралуу сөз кылалы деп чечтик. Ал эгемендүү Кыргызстандын тунгуч президенти Аскар Акаевдин алгачкы басма сөз катчысы болуп иштеген.



Кыргыз эл акыны Акбар РЫСКУЛОВ:

# “БАСМА СӨЗ КЫРГЫЗСТАНДЫ ДҮЙНӨГӨ ТААНЫТТЫ”

## КОРРЕКТОРДОН БАШКЫ РЕДАКТОРГО ЧЕЙИН

Адеп баштагандан азыркы күнгө чейин адабият менен журналистиканы бирге алып келе жатам. Мен бала кезден гезит-журналдарга ыр, кабар жаза баштагамын. Адегенде райондук гезиттен башталды десем болот. Ал кезде “Кыргызстан пионери”, “Ленинчил жаш” гезиттери, “Жаш ленинчи” журналы сыяктуу жаштар басма сөзү бар эле. Мен мектепти бүтүп СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине окууга келсем, ал жерде иштеген агай-эжейлер мени билет экен. “Акын жигит” келди деп айтып калышты. Ал учурда ырларым жаштардын альманахына да чыгып калган болчу. Кыргыз эл акындары Сооронбай Жусуев, Байдылда Сарногоевдер Кыргызстан Жазуучулар союзунда адабий кеңешчи болуп иштешчү. Мектепте окуп жүргөн кезимде адабияттан сабак берген агайым мени шаарга, ушул эки акынга алып келип, тааныштармакчы болду. Бирок, келер күнү агайымдын бир жумушу чыгып калып келе албай калды. Мен өзүм келдим. Ошол жылдары жаштардын “Байчечекей” деген ырлар жыйнагы чыкты эле, ошол жыйнакка менин да ырларым кирип калыптыр. Көрүп алып аябай сүйүндүм. Ыр жазууга болгон ынтызарлыгым андан бетер күч алды. Менин эмгек жолум журналистикадан башталды. Мен жаштардын “Ленинчил жаш” деген гезитине баш-аягы 16 жылдык өмүрүмдү берипмин. Университетти бүткөндө “Ленинчил жаш” гезитинин эң төмөнкү кызматына – корректорлукка ишке кирдим. Тим эле аябай сүйүндүм. Андан кийин котормочу, кабарчы, бөлүм башчы, жооптуу катчы, башкы редактордун орун басары, башкы редактор, айтор гезиттеги бардык кызмат тепкичтерин басып өттүм. Башкы редактор болуп алты жыл иштедим. Эми он алты жыл оңой убакыт эмес. Көп нерсени көздөн өткөрдүк. Мен жетекчи катары кийинки жаштар менен иштешип калдым. Алар азыркы кыргыз журналистикасынын көч башында турган белгилүү журналисттер. Арасында мына сен өзүң да болдуң. “Мугалимдер газетасынын” редакторуна айтып, сени атайын “Ленинчил жаш” гезитине чакыртып алдым. Көптөгөн мыкты журналисттердин баары “Ленинчил жаштын” мектебинен өтүшкөн. Мен, жогоруда өзүң айткандай өмүр бою журналистика менен адабиятты тең карап, эки салаада эмгектенип келе жатам. Адабияттын көп жанрларында чыгармаларды жаздым. Бирок, мен көбүрөөк поэзияга ыктадым. Казакстанда Кыргызстандын элчиси болуп иштеп турган жылдарда эки ыр китебим чыккан. Мына азыр эле силерге келе жатканда кабар уктум. Астанадан дагы бир китебим чыгып жатыптыр. Ошол китептин бет ачарын өткөрөбүз деп чакырып жатышат. Бул мен үчүн кубанычтуу кабар болду.

## БАСМА СӨЗ КАТЧЫЛЫКТЫН БАШАТЫНДА

Мен Кыргызстан эгемендүү мамлекет болгондон кийин тунгуч Президент Аскар Акаевдин биринчи басма сөз катчысы болуп иштедим. Мага баарын жаңыдан, ак барактан баштоого туура келди. Бирок, Президенттин басма сөз катчысы кызматына барганга чейин калың элге белгилүү акын, журналист болуп кеңири таанылып калган кезим болчу. “Ленинчил жашта” башкы редактор болуп иштеп жаткамын. Ал кезде комсомолдун Борбордук Комитетинин бюро мүчөсү элем. Кызматтык машинабыз бар. Айтор, мен үчүн күтүүсүз жерден эле мамлекеттик ишке чакырып калышты. Мен чочулап, ойлоноюн дедим. Бирок, Президент ошол күндүн эртеси эле жарлыкка кол коюп койгон экен. Эсимде, мамлекет башчысы кол койгон жарлыкты көтөрүп келе жатып ойго баттым. Бул кызмат ырасында эле мага тааныш эмес болчу. Мен үчүн пресс-конференция, брифинг деген сөздөр жат эле. Аны кандай өткөрөт деп санаа тарттым. Бирок, ишке киришкенден кийин эч нерседен тартынган жокмун. Менден мурда Казакстанда ушул кызматта иштеп калган, телевидениеде иштеген бир замандашыма кайрылып, андан кеп-кеңеш алдым. Анан ишти жүргүзүп кеттик. Бир жакшы жери тунгуч Президентибиз Аскар Акаев журналисттерге абдан түшүнүү менен мамиле жасай турган. Кыргызстан жаңыдан эле өз алдынча эгемендүү мамлекет болгон учур. Мамлекет да жаш, мен да жаңы пресс-катчы болдум. Ошол жылдары жаш мамлекетке чет өлкөлүк журналисттер өтө кызыгып, көп келе баштады. Дүйнөгө белгилүү “Нью-Йорк таймс”, “Вашингтон пост”, Кытайдын “«Жэньминь жибао» гезиттеринин жана Жапондун журналисттери келген кезде Президент аларды абдан дилгирлик менен кабыл алды. Бул жаңыдан эгемендүү мамлекет болуп түптөлүп жаткан Кыргызстанды дүйнөлүк аренага таанытуунун эң бир жакшы жолу болчу. Мен Президенттин басма сөз катчысы болуп эки жарым жыл иштедим, ошол убакта чет өлкөлөрдөн келип мамлекет жетекчисинен интервью алам деген бир дагы журналисттин максаты орундалбай калган жок.

## КЫРГЫЗСТАН БОРБОР АЗИЯДАГЫ ДЕМОКРАТИЯНЫН АРАЛЧАСЫ

Бир жолу Кытайдын миллиондогон тираж менен чыккан “Жэньминь жибао” гезитинен жана Кытай өкмөтүнүн расмий маалыматтык агенттиги “Синьхуа” компаниясынан 7 журналист келди. Өзүнчө эле бригада. Ошондо гана бир жолу Президенттин убактысы болбой, аларды дароо кабыл ала албай калды. Ишемби күнү мага телефон чалып “баягы Кытайдан келген журналисттер каякта? Кетип калбадыбы?” деп сурады. Мен “жок, кете элек, сизди дале күтүп жатышат” дедим. Анда “транспорт уюштур дагы, менин артыман жүргүлө” деди. Ошондо Чүй облусунун батыш тарабын кыдырып, андан ары Таласка бет алдык. Жолдо саанчыларга, малчыларга, курулуп жаткан курулуштарга токтодук. Кытайлардын жазганы жазып, телевидениден келген журналисттери камераларына тартып жатышты. Ошентип жүрүп күн батарга жакындап, кеч кирип кетти. Бир убакта Президент “жанагы кытайларыңа айт, менин машинама олтурушсун” деп айтып калды. Жетекчиси бар экен. Ошол олтура турган болду, бирок ал “мен орусча билбейм” деди. Айтор, жанагы кытай менен Президент бир машинада олтуруп, Аскар Акаев Бишкекке келгенге чейин интервью берип келди. Алар кийин Кытайга барганда сонун макалаларды жазып, теле көрсөтүүлөрдү даярдашты. “Кыргызстан демократиялуу өлкө” дегенди мен ойлоп тапкан жокмун, же Президент ойлоп тапкан жок, дал ошол Америкадан, Батыш Европадан, Кытайдан келген журналисттер жазып чыгышты. Анан бүт дүйнө жүзү Кыргызстанды “Орто Азиядагы демократиянын аралчасы” деп тааный баштады. Ага чейин Кыргызстанды белгисиз республика деп жазып жүрүшкөн. Дал ошол жылдары мен дагы басма сөздүн абдан таасирдүү курал экенин аңдап билдим.

## “ТҮРК КОНУШТАР” АГЕНТТИГИ

“Кыргызкабарга” келгенге чейин мага УТРКга директор болуп барууну сунуш кылышты. Бирок, мен бир да күн телевидениеде иштеген эмес элем. Мага гезиттин, агенттиктин иши көбүрөөк тааныш болчу. Ошол үчүн мен УТРКдан баш тарттым да, “Кабарга” макулдугумду бердим. Себеби, мен тажрыйбалуу гезитчикмин. А агенттик маалымат менен жашай турган ишкана. Гезитте редактор болуп турган кезимде биз эл аралык байланышка чыга баштаган элек. Ошол кездеги Байланыш министри Эмил Бектенов, КТРКнын директору Түгөлбай Казаков жана мен болуп Мюнхендеги барып “Азаттык” радиостанциясы менен келишим түзгөнбүз. Ал келишим “Азаттыктын” берүүлөрүн Кыргызстандын аймагына таратуу тууралуу келишим болчу. Ошол эл аралык байланыштарды мен “Кыргызкабарга” келгенде уланттым. Ал жылдары биз борбордук деп санаган орусиялык “Правда”, “Известия”, “Комсомольская правда” гезиттери биздин саясатты эмес өздөрүнүн саясатын жүргүзүп калышты. Алар бизди “белгисиз республика” деп сын тагып жаза башташты. Анан мен мындай шартта эмне кылыш керек деп ойлоно баштадым. Жаңылыктарды бөлүш керек болуп калды. КырТАГда бир гана телетайптын линиясы турчу. Ал жалаң Москвадан келген жаңылыктарды берип турчу. Биздин жаңылыктарды аларга жөнөтүп турчубуз. Эми бизди мындай жагдай канааттандырбай калды. Анан коңшу мамлекеттер Казакстан, Өзбекстан жана Түркия менен сүйлөшүп “Түркий конуштар” деген агенттикти түздүк. Мени ал агенттиктин теңтөрагасы кылып шайлашты. Дал ошол “Түркий конуштар” агенттигинин бардык жетекчилерин Кыргызстанга алып келип Президент менен жолугуштурдум. Анкара шаары биздин борборубуз, ал эми “Анадолу” агенттиги башкы агенттигибиз болуп калды. Биз Анкарага кабар жөнөтө баштадык, алардын маалыматын биз да алып жаттык. Түркчө кабарларды кыргызчага которуп, элге тараттык. Ал кезде азыркыдай интернет жок эле. Мен 1993-жылы директор болуп келгенде КырТАГдын базасында “Кыргызкабар” улуттук жаңылыктар агенттигин түзгөмүн. Ошол аты менен азыр деле аталып келе жатат. А казактардын “Кабар” деген агенттиги бизден алда канча кийин чыкты. “Кабарда” иштеп жүргөнүмдө дагы бир тарыхый окуя болду. Азия, Тынч океан аймагындагы агентстволордун өзүнчө уюму бар. Ага мурда СССРдин ТАСС деген маалымат агенттиги гана мүчө экен. ТАССтан кийин эле биздин “Кыргызкабар” мүчөлүккө кабыл алынды. “Кыргызкабардын” чатырына Кытайдын “Синьхуа” агентствосу антенналарын коюп, алар менен да иштеше баштадык. Кытайлар ушунчалык тез, оперативдүү иштейт экен, жаңылыктар жамгырдай эле жаап келип жатты. Ошентип, кесиптештерибизден көп жаңы нерселерди үйрөндүк.

## ФУНТ СТЕРЛИНГ МЕНЕН КАЛЕМ АКЫ АЛГАНДА

Биз дүйнөлүк агентстволордон жаңылыктарды алуу менен эле чектелбестен, аларга өзүбүздөгү жаңылыктарды берип турдук. Ошентип, Кыргызстан бат эле дүйнөгө таанылып кетти. Мына бул интернеттин баары кийин чыкты. Азыр байланыш алда канча тез жана сапаттуу болуп калды. Биз ошол кыйын учурларда эл аралык кызматташтыктын жаңы баракчарын ачтык. “Кыргызкабарда” бүткүл дүйнөлүк өтө күчтүү маалыматтык компания CNN менен келишим түздүк. Биз Кыргызстандан маалыматтарды тынымсыз жөнөтүп турдук. Келишимге ылайык акча каражаттарын төлөө англиянын фунд стерлинги менен түзүлгөн экен. Жарым жыл өткөндөн кийин CNNдин жетекчисинен бизге канча акча түштү деп сурадым. Биз жакшы эле калем акы алдык. Биздин эсепчилер банкка барып фунт стерлингди алып келишти. Аны мен деле көрө элек элем, жалбырактай болгон чоң акча болот экен. Аны кыргыз сомуна айырбаштап алдык. Мен директордон баштап кароолчуга чейин ар кимге кызмат даражасына ылайык тең бөлүштүрүп берилсин деген буйрук чыгардым. Ошондо баарыбыз көп калем акы алдык. Жалаң айлыкты карап олтурган биздин кызматкерлер үчүн абдан жакшы стимул болду. Ошол калем акылар бизге тирек болду.


## ЖУРНАЛИСТИКАДАГЫ УСТАТ-ШАКИРТ

Адабият сыяктуу эле журналистикада да устат-шакирт салты сакталып, уланып келе жатат. Ошол эле өзүң иштеген “Ленинчил жаш” газетасы жүздөгөн жаш журналисттерге мектеп болду. Шакирттерим өзүң сыяктуу чакырып, же телефон чалып ал-абалымды сурап турат. Жолукканда башкача бир жылуу маанай, сагыныч менен учурашат. Көңүлүм көтөрүлүп калат. Тилекке каршы, биз “Ленинчил жаш” газетасын сактай албай калдык. Ошол жылдары айрым шылуун калемгерлер комсомолдун Борбордук Комитетинен расмий түрдө бекитилип, башкы редактор болуп иштеп жаткан Болот Жумабаевди кетиришип, “Түндүктөн түшкөн редактор” келип гезитти басып алышты. Аягында ал азаматтардын деле таргылары жакшы болбоду. Талашып-тартышып жүрүп “Ленинчил жаштыы” жок кылып алдык. Азыр карасаңыз орустар “Комсомольская правда”, казактар биздин гезитке аты окшош “Лениншил жас” гезиттерин сактап калышты. Ал гезиттер азыр деле чыгып жатат. Казактар замандын талабына жараша “Лениншил жасты” “Жас алаш” деп өзгөртүп алышты. Чоң тарыхы бар биздин гезит кайда калды? Эки жылдан кийин 100 жылдыгы белгиленмек. Азыр тескерисинче ошол гезитти жок кылгандарды мактап-жактап жазып калышат. Ушул мени таң калтырат.


**Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

КИНО ЖАНА ТУРМУШ
www.erkin-too.kg




# КЫРГЫЗ ТЕЛЕСЕРИАЛДАРЫ КӨРҮҮЧҮЛӨРДҮ ӨЗҮНӨ ТАРТУУДА



***Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин Кинематография департаментине караштуу «Кыргызсериал» мамлекеттик мекемеси жаңы "Жеңилбес жетөө" сериалынын сценарийин жазуу жана тартууга тендер жарыялаган. Жомок дүйнөсүнөн алынган "Жеңилбес жетөө" сериалы ар бири 40 мүнөттүк 12 сериядан турат. Сериалдын бюджети 27 млн сомдон ашык суммада белгиленген.***

Көркөм жана документалдуу тасмалардын коомго таасири күч. Анын ичинде телесериалдар бүгүнкү күндө дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө кеңири тарап, өзүнчө бир идеологиялык миссия аткарып жатат. Муну айрыкча түрк телесериалдарынан көрүүгө болот. Сериалдары аркылуу эле түрк кино ишмерлери өз элинин тарыхын, каада-салтын, маданиятын дүйнө элине даңазалап жатат. Президент Садыр Жапаров президенттик бийликке келгенде биринчи жарлыгы "Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө" болгон. Жарлыкка ылайык 2021-2026-жылдарга инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепция иштелип чыгып бекитилген.

Руханий өнүгүү эң биринчи кезекте адамдын өзүн-өзү таануусу жана өзүндө эмне жетишсиз болсо ошону билүү жана үйрөнүү деп ойлойм. Өсүп келаткан муунга анын инсандык дараметин өнүктүрүү үчүн бардык нерсе, жаман да жакшы да нерсе таасир эте алат. Мында кино тармагынын да ролу зор. Позитивдүү, кызыктуу, таалим-тарбиялык мааниси бар кинопродукциялар жаш адамдын калыптанышында белгилүү бир роль ойнобой койбойт.

Акыркы жылдарда маданият, адабият, кино тармагына мамлекет тарабынан жакшы көңүл бөлүнүп, каражат маселеси жагынан жардам болууда. Бул багытта кыргыз бийлиги максаттуу иш-аракеттерди көрүп жатканын белгилөөгө болот. 2022-жылдын май айында Президент Садыр Жапаров "Улуттук киноиндустрияны өнүктүрүү жана Кыргыз Республикасынын кинематографиясын мамлекеттик колдоо системасын мындан ары өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыкка кол койгон. Мына ушул жарлыкка ылайык Министрлер Кабинети Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу Кинематография департаментинин алдындагы "Кыргызсериал" чыгармачылык-өндүрүштүк бирикмеси" мамлекеттик мекемесин түзгөн. Аталган мекемеге быйылтыр 70 млн сом бөлүнгөн.

